**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Рита Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2017-жылдын 21-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э. Т. Мамыров, судьялар: К. Абдиев, Ч. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, М. Ш. Касымалиев, К. М. Киргизбаев, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, сот жыйналышынын катчысы С. А. Джолгокпаванын катышуусу менен К.С. Сооронкулова, Р.Р. Карасартова, Н.А. Идинов, ошондой эле Д.У. Маслованын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

өтүнүчтө көрсөтүлгөн талаптарынан баш тартуусу жана конституциялык сот өндүрүшүн токтотуу жөнүндө өтүнүчүн соттук отурумда карап чыгып,

**ТАПТЫ:**

2017-жылдын 19-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына К. С. Сооронкулова, Р. Р. Карасартова, Н.А. Идинов, ошондой эле Д. У. Маслованын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өтүнүчтө көрсөтүлгөн талаптарынан баш тартуусу жана конституциялык сот өндүрүшүн токтотуу жөнүндө өтүнүчтөрү келип түшкөн.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 32-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болуп саналган талабынан баш тартууга укуктуу, натыйжада ал иш боюнча өндүрүштү токтотууга алып келет.

Бирок, көрсөтүлгөн өтүнүчтөр ушул соттук отурумда каралышы мүмкүн эмес, анткени «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылууга жүз беш жаран тарабынан кол коюлган. Ушуга байланыштуу, кайрылууга кол койгон башка жарандардын көз карашын билүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы иш боюнча өндүрүштү токтото туруу зарыл деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык

Мыйзамдын 32, 40, 42, 46, 47, 48, 51-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы,

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. К.С. Сооронкулова, Р.Р. Карасартова, Н.А. Идинов жана башкалардын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти кароо токтото турулсун.

2. Бул аныктама акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тарта күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**